УДК: 8. 821.512.154 https://doi.org/10.56122/..v1i2.204

# СЫДЫК АЛАЙЧИЕВ – АКЫН ЖАНА АГАРТУУЧУ

*Айбашова Тазагул Матраимовна окутуучу*
*E- mail: tazagul.aibashova1970@mail.ru*
*Ош мамлекеттик университети*
*Ош, Кыргыз Республикасы*
*Дамилова Нурийла Ашырбаевна улук окутуучу*
*E- mail: ndamilova@oshsu.kg*
*ORCID: 0000-0001-6017-860X*
*Моб. тел.:0559220169*
*Ош мамлекеттик университети*
*Ош, Кыргыз Республикасы*

**Аннотация:** Макалада табиятынан акылгөй, таланттуу, көкүрөгүндө сөз уюп, ою чалкып, көргөнүн көркөмдөп, акылга салып ыр кураган, улуулар арасында Бала ырчы атка конгон Сыдык Алайчиевдин өмүрү, ырчылык өнөрүнүн калыптанышы, жеке тагдыры, турмушу, чыгармачылыгынын тематикалары, көркөмдүгү айтылды. Акындын жакшы менен жаманды, жоомарт менен наамартты салыштырган, жашоонун оош-кыйышын көрө билген акыл-парасаты кенен, эки доордогу өзгөрүүлөрдү ылгап, жар чакыра ырдаган ырлары талдоого алынды. Жашоодо бардык нерсе болору, турмуштун нугу, тагдырдын татаалдыгы, өзү тарткан азап, армандар менен катар жаңылануу, коомдогу өзгөрүүлөр, совет өкмөтүнүн камкордугу, аткарган иштери даңазаланды. Акындын ырлары кийинки муунга калтырган маданий мурастары катары бааланарына көңүл бурулду. Агартуучу катары 1927-1953-жылдары сабатсыздыкты жоюу боюнча мектепте мугалим болуп, ырлары, иши менен жаштарга руханий азык берип, элге түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн алгачкы окутуучу экени айтылды.

**Ачкыч сөздөр:** насаатчы, адилдик, өнөрпоз, сындашкан, аргымак, маданий мурас, руханий азык

# СЫДЫК АЛАЙЧИЕВ – ПОЭТ И ПРОСВЕТИТЕЛЬ

*Айбашова Тазагул Матраимовна преподаватель*
*E- mail: tazagul.aibashova1970@mail.ru*
*Ошский государственный университет*
*Ош, Кыргызская Республика*
*Дамилова Нурийла Ашырбаевна*
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Ош, Кыргызская Республика*
*ndamilova@oshsu.kg*
*ORCID: 0000-0001-6017-860X*
*Моб. тел.:0559220169*

**Аннотация:** В статье рассказывается о жизни, становлении певческого искусства, личной судьбе, жизни, темах его творчества и искусства о Сыдыке Алайчиеве, который был умен и талантлив по натуре, имел в груди слова, обладал блуждающим умом, творил искусство из того, что видел, сочинял песни, основываясь на своих мыслях, и был известен среди старших как детский певец. Анализируются стихи поэта, сравнивающие хорошее и плохое, щедрое и нещедрое, умеющего видеть превратности жизни. Прославлялось то, что все происходит в жизни, направление жизни, сложность судьбы, страдания, перенесенные, обновление вместе с мечтами, изменения в обществе, забота советского правительства, проделанная работа. Было обращено внимание на то, что стихи поэта ценятся как культурное наследие, оставленное следующему поколению. Как просветитель говорилось, что он был

учителем в школе ликвидации неграмотности в 1927-1953 годах, был первым учителем, который своими песнями давал духовную пищу молодежи и просвещал народ.

**Ключевые слова:** проповедник, правосудие, художник, критик, жеребец, культурное наследие, духовная пища.

## SYDYK ALAICHIEV - POET AND EDUCATOR

*Aybashova Tazagul Matraimovna teacher*
*E- mail: tazagul.aibashova1970@mail.ru*
*Osh State University*
*Osh, Kyrgyz Republic*
*Damilova Nuriyla Ashirbaevna*
*Senior lecturer, Osh State University*
*ndamilova@oshsu.kg*
*ORCID: 0000-0001-6017-860X*
*Tel.: 0559220169*

**Abstract:** The article talks about life, the development of singing art, personal destiny, life, themes of his creativity and art about Sydyk Alaichiev, who was smart and talented by nature, had words in his chest, and had a wandering mind, created art from what he saw, composed songs based on his thoughts, and was known among his elders as a children's singer.The poet's poems are analyzed, comparing good and bad, generous and ungenerous, who knows how to see the vicissitudes of life. What was glorified was that everything happens in life, the direction of life, the complexity of fate, the suffering endured, renewal along with dreams, changes in society, the care of the Soviet government, the work done. Attention was drawn to the fact that the poet’s poems are valued as a cultural heritage left to the next generation. As an educator, it was said that he was a teacher at a literacy school in 1927-1953, he was the first teacher who, with his songs, gave spiritual food to youth and enlightened the people.

**Key words:** preacher, justice, artist, critic, stallion, cultural heritage, spiritual food.

Табиятынан акылгөй, таланттуу, көкүрөгүндө сөз уюп, ою чалкып, көргөнүн көркөмдөп, акылга салып ыр кураган, улуулар арасында Бала ырчы атка конгон Сыдык Алайчиев 1894-жылы Ош шаарынан көп алыс эмес, шаардын чыгыш тарабындагы Кара-Суу районуна караштуу Кыргыз-Чек (Асанчек деп аталып, советтик доорунда Кыргыз-Чек болуп калган) айылында туулган. Атасынан үч, энесинен 9 жашында ажырап, ата-эне мээримине тойбой, өз киндигин өзү кесип, өлбөстүн күнүн көрүп далай азап чегип бой жетет. Эжеси Сапаргүлдү өгөй агасы 14 жашында күйөөгө берет, агалары өз алдынча кетип, бир иниси каза болот. Турмуштун оор шарттары баланы чыйралтып, жашоонун ак-карасын ылгап, курчап турган дүйнөнү эрте таанууга мажбур кылат. Жашоосу жарыбай жүргөн кезде атасынын карындашынын күйөөсү Абдибайит жездеси иниси Калматка кызматчы кылып берет. Ушул жерден жашоосу оңоло баштайт, тарткан азабын унутпай, кыңылдап ыр курарштырып жүргөнүн Калмат сезип, 16 жашында Калматтын жардамы менен Анжиан тараптагы Коргончо деген айылда, Курбанбайдын тоюнда, эл алдына чыгып:

Он алты жашка мен келип,
Адам болуп жетилдим.
Ата-энеден айрылган,
Азап тарткан жетиммин”[2],- деп жетимдиктен тарткан азабын, мал бакканын, жер чапканын койбой айтып отуруп, көпчүлүккө таанылат. Идиреги бар баланын өнөрүн баамдаган белгилүү ырчы Ботобай ошол эле күнү Калматтан сурап кетип, анык шакирттигине алат. Бала ырчынын тагдыры өзгөрүп, көзү ачылып, чыгармачылык жолуна түшөт.

Айтылуу Токтогул, Барпы, Бекназар, Туяк ырчы сыяктуулар менен замандаш жашап, улуулардан угуп, көсөмдөрдөн көрүп, көрөңгөсү бар жаш талант алар менен өнөр сынашып, залкар акылынын тунуктугу, кебинин таамай курчтугу, кара кылды как жарган калыстыгы

менен эл арасында сый-урматка ээ болгон, башы көрүнүп, аты таанылган төкмө акын аталат. Өзү жаш болгону менен эл кыдырып, жер көрүп, устаттардын таасирин алып, турмушка эрте бышат, жашоонун ак-карасын таамай ажыратып, көөдөндөгү өнөр өнүп чыгат. Жашоонун жакшылык-жамандыгы, аруулук, сүйүү, өмүр, өлүм сыяктуу философиялык ойлорго сугарылган түбөлүктүү темаларды ырга кошуп ырдап, жалпынын жарпын жазган өнөрпоздугу узун элдин учуна тарап, Бала ырчынын экинчи өмүрүн өлбөстүккө калтырат.

Акындын чыгармалары Ж. Таштемировдун "С. Алайчиев – Бала ырчы" деген ат менен чакан китепче болуп, 1981-жылы Фрунзе, 2003-жылы Г. Орозова баш сөз жазып, "Сыдык Алайчы (Бала ырчы)" деген толук чыгармалар жыйнагы Бишкектен чыгарылган. Акындын адабий портрети "Кыргыз адабиятынын тарыхы" (Б-2002. 5-том) кирген.

Башка замандаш акындар сыяктуу Сыдык акындын да көп аш-тойлордо ырдалып, төккөн төккөн жеринде калып кеткен трибуналык ырларын санабаганда, санат-насыят, терме, казалдары, дидактикалык мазмундагы ырлары кийинки муундарга агартуучулук мааниси артып, али дагы актуалдуулугун жоготпой келет.

"Дили бекем момундун,
Өксүгү болот өлүмдүн.
Зарпи күчтүү залимдин,
Адаби болот таалимдин", - деп момун адамдын сөзгө бекем, уяты күч экенин, өлүмдүн өксүгүн, залимдин азап-арманы күч, таалим-тарбиядан адеп-ахлак жугарын айтса, дагы бир насыятында:

Жаман адам урушуп, Көрүнгөн менен жоо болот. Жаман менен достошсоң, акыры бир күн доо болот. Жашында иштеп мал таппай, Жалкоолонгон адамдар, Карыганда кор болот,"- деп жаштарды толеранттуулукка, айкөл, билимдүүлүккө, дос күтүүдөгү шертти айтуу менен агартуучулук насаатында жашында эмгектен, карылыкка кор жыйна, жалкоолукту жолдош кылба деген сыяктуу үлгү калтырган. Бул сыяктуу ырлары эл ичине тарап, өз милдетин аткарып келет. Дили чалкып, сөздү шурудай тизип, ыргак жаратып, жакшы менен жаманды теңештире мазмундун үстүндө ырдап, жан дүйнөнү тазарткан термелеринен оң менен терсти салыштырып, параллелизмдик салыштыруу ыкмасы менен ачкандыгын акындын чыгармачылыгынын артыкчылыгы катары бааласа болот. Чыгармалары поэтикалык жактан жогорку эстетикалык көркөмдүктө жаралгандыгын акындык тажырыйбасы көрсөтүп турат. Ырларынын тематикасы ар түрдүү, мазмуну бай. Советтик түзүлүш менен кошо келген өзгөрүштөрдүн баарын ырга кошуп, жаңы заманда жаңыча жашоого, илим-билимдин маанисин түшүшүндүрүп, үгүттөө, чакырык жасоочу чыгармаларды жараткан. Согуш мезгилинде мекендин ыйыктыгын даңазалап, эл-жерин коргоого үндөгөн чыгармалары менен пропагандалык милдетти аткарган. "Өч алабыз," "Жеңиш кабары" ырлары буга мисал.

Бала ырчынын чыгармачылыгы тууралуу филология илимдеринин доктору, профессор, адабиятчы илимпоз Бектур Алымов: "Мен Сыдык акындын ырларын оозунан далай жолу уктум. Ар бир ыры камчынын өрүмүндөй жымылдап, эргип айтылып, эркин уйкашып, оюбири экинчисине куюлушуп турчу. Колуна комуз албай, улуу акындардай кайда менен ырдап, ойду бөлүп-жарбай айтылуучу оюнун аягына чыкмайынча нөшөрлөп төгө берчү. Бул жагынан алганда Сыдык Алайчиев – өз мезгилинин чыгаан төкмөсү эсептелген, ар түрдүү мазмундагы, тематикадагы чыгармаларды жаратып, айтыш өнөрүнүн алдыңкы сабын ээлеген өнөр ээси, Өзбекстан, Кыргызстандын түштүк аймагына белгилүү ырчы катары санжыралуу өмүр кечирген акын" – деп эскерет. Өз доорунда түбөлүктүү теманы терип ырдап, коомдогу жаңылануубу жаңыча даңазалаган, тубаса өнөрү менен терме-насыят ырлары аркылуу агартуучулук милдетти аркалаган, мезгилдин талабына ылайык көз караштa ой жүгүртүп, учур менен жашай билген өнөрпоз кийинки муундарга маданий мурас, руханий азык калтырганын учурунда сезди бекен...

Акындын көңүлүн келечек, жаш муундар, үй-бүлө маселелери, коомдогу терс көрүнүштөрдүн натыйжасы сыяктуу олуттуу көйгөйлөр ээлеп, жаңыланууга, оң жакты корсөтүүгө далалат жасайт. Терме ырында:

Жез эскирсе дат болот,

Железе кулун жетилип,
Аргымак күлүк ат болот.
Барыш-келиш кылбасаң,
Бир туугандар жат болот.
.........................................
Эр жигиттин башында,
Эчен түрдүү иш болот.
Түгөнбөгөн зор дөөлөт,

Азамат эрге туш болот [2]– деп эр жигиттин башына эчен сыноо иш келерин айтып чыйралтып, дөөлөттүү азамат болоруна, келечегине даярдаган саптар менен турмуш чындыгын айкалыштыра айтып келип, тууган-уруктун каттоосу, биримдиги, карым-катыш алака кадимден калган асыл наркты качан болбосун сактоону ырга кошот. Түбөлүктүү темаларды чыгармачылыгы менен бирге алып жүргөн:

Кийин болчу иштерди,
Эч макулук биле албайт.
Өзүңдө айып бар турса,
Бетине айтсаң айыбын,
Акылы жок адамдар,

Ачуусу келип тыраңдайт[1]. Тагдырдын жазмышынын эртеңин эч ким биле албай тургандыгын, жашоодо турмуш закон ченеми үстөмдүк кыларын айтып келип, айыбын мойнуна албаган акылсыз, дабасыздарды санаттап өткөн философтук акылгөйлүгү жетишерлик, өнөрү менен акылы шайкеш келип, өмүр-өлүм, жакшылык, жамандык, аруулук, сулуулук сыяктуу жалпы адамзаттык проблемаларга арналган санат-насыят, терме ырларынын тарбиялык, дүйнө таануучулук мааниси зор.

Алайчиев Сыдык (Бала ырчы) Токтогул, Барпы, Ботобай, Ташмат, Мырза, Арзыбай, Дооран, Абдымомун, Маканбай сыяктуу түштүктүн белгилүү акындары менен айтышып өнөр сынашып, сабак алган, өнөр баалашып, акыл калчашкан өз учурунун таанымал, замандаш өнөрпоздору экен. Барпы акын менен бир нече жолу айтышканда Барпы ырчынын талантын баалап, чыныгы талантын, акыл көрөңгөсүнүн табыйгыйлыгын моюнга алган.

Токтогул менен алгач жолугушусунда:

Чогулуп келди бул жерге,
Чойкара, Барпы, Сары ырчы.
Токтогул менен Ботобай,
Токтонуп калган кары ырчы,
Он сегизге чыга элек,

Мен боломун бала ырчы [1], – деп андан ары Токтогулдун акындыгын, адилдигин, акылынын тунуктугун, жаштарга насаатчы болуп жүргөнүн ырдап өтөт. С. Алайчиевдин ырлары ар тараптуу тематикага бай экени, кайсы тема болбосун укканга жеткиликтүү айтылып, мазмунга бай болгон.

Мугалимдик кесипти аркалап, илим-билимге олутту карап, келечекке көзү жеткен акын:

Билим бул – сенин канатың,
Замандын толгон сынын бил,
Айтылган сөздүн чынын бил.
Акылың менен эл таанып,
Ааламдын сансыз сырын бил.
Адамдын жанын жыргаткан,

Акындын албан ырын бил [7] – саптарынан билимдин касиет-кудурети, билимдүүнүн күчү, мүмкүнчүлүгү, келечеги, түшүнүгү-ой чабыты кенен болорун, ааламдын сырын ачып, акындын ырын билген канат болорун айтуу менен агартуучулугун санаттаган. Адамзаттын парзы, жашоодогу жакшы-жаман иштер, адалдан ырыскы табуу, ак ниет дил тутуу, напсинди

бузуп байлыкка азгырылбоо, арам оокаттын эсеби, кайтарымы жакшылыкка алып барбай турганы дагы өзүнчө ырдалган:

Дили бекем момундун,
Өксүгү болот өлүмдүн.
Зарпи күчтүү заалимдин,
Адаби болот таалимдин,
Кекенчи болот ганымдын.
Камын кылгын жигиттер,
Бир чымындай жаныңдын.
Эсеби болот бир күнү,

Аздыр-көптүр малыңдын[2]-деген ойлор менен жашоонун мыйзам ченеми, өлүмдүн өксүгү, заалимдин зарпи, кекенгендин кеги, таалимдин адеби болорун, тапкан малдын эсеп-чотунун адалдыгы кайсы бир учурда билинерин эскертет, кийинкиге таалим калтырат.

Ар бир ишке жарабас, Акылы пас наадан бар.

Жоосунду билген жоомарт бар, Жетеси жок дегеле,

Жетелесең оңолбос, Жер тиктеген наамарт бар, саптары жоомарт менен нааданды, жетеси жок наамартты салыштырса,

Таптаган чабат бууданды, Койбойт дейт жетип бууданды.

Таштабайт танып эч качан, Туугандай билген тууганды, - деп аргымак ат менен тууганды айныгыс ынактыгын, тууганды биримдик, бир максаттуулукту айтат [1].

Акынды өз доорунун заманачыл, жаңычыл акыны десе да болчудай, ырларында совет бийлигинин тушундагы күрөш, жаңылануу, турмуштун өзгөрүшү, тууралуу түрдүү мазмундагы ырларды ырдаган. Байларды арам оокат менен жан багып, малайынын кийим-тамагына карабай кышылдап семиргенин, түбү арам оокаттын шору бар экенин, кедейлердин байлардан кайырым күтпөөсүн, өз тагдырында эки жыл малай жүрүп күч күйөө болуп үйлөнгөнүн, калыңын төлөй албагандыктан, Алайга кайтарда кайнагасы казыга алып барып, казы мажбурлап талак бердиртип аялынан ажыраганын ырга кошот, ошондогу муң-зарын каргыш аралаштыра:

Киргиче көргө оңбогур,
Көйнөгүң жаңы болбогур.
Как баш өткүр дүйнөдөн,

Карының ашка тойбогур [2]– деп жокчулуктун азабын, арамдыктын жеткен чегин, адамдыктын бааланбаганын, көр дүйнөнүн өкүм сүрүп, жашоону кирдетип турганын чыныгы дилинде кектеп, жеткире айтууга жетишет.

“Ликбез” ырында жаштарды окуп-билим алууга, дүйнөнү кең таанууга, дүйнө кезип, жер көрүп, жашоонун ырахатын жаратууну ырдаса, “Колхозго киргендерде” кор болуп акысыз иштегендердин багы ачылганын, иштегенине жараша акы аларын айтып, жан дилин берип эмгектенип, балдарын мектепке берсин, пасылке менен салынган акталган үйлөргө жеткиле, мээнетиңердин акыбети кайтсын, арабыздагы бузуку бай, кууларды араңардан тазалагыла деп агитация, пропагандалык мазмундагы ырлары менен карапайым элге түшүндүрүү иштерин жүргүзөт. Калкожо, Мойдун сыяктуу түштүк аймагынан чыккан басмачылардын жүзүн ачып, элди алдап, бузукулук иштери менен совет бийлигин тескери түшүндүрүп жүргөнүн айтып, алданып мал-пулуңардан ажырабагыла, салыгын төлөп зыянын тартпагыла деп бузукулардын бетин ачкан.

Түштүктөгү жүргүзүлгөн алгылыктуу иштерди жар чакырып, элге кабарлап, түшүнүгү жок элдин көз карашын өзгөрткөн. “Памир жолун кургандар” ырында:

Тар капчыгай татаал жол,
Далайларды ыйлаткан.
Кеңеш өкмөт көп жаша,

Калкыма шундай сый тарткан [1] – деп, тоо-ташты түзөп, зымыраган жол салып кудай алдында сооп жаратып, элдин жашоосун оңдогон өкмөткө ыраазычылык билдирүү менен өкмөттун эмгегин даңазалаган.

Коомдогу өзгөрүүлөр, окуяларды койбой айтып, ырчылыгы менен агартуучулук да, маалымат берүүчүлүк да, жамандыкты ашкерелеп, жакшылыкты даңазалаган, жакшылыкка, мекенчилдикке үндөгөн ар түрдүү тематиканы камтыган бай чыгармачылыгы менен өмүрүнүн аягына чейин алектенген ары агартуучу, ары пропагандист инсан болгондугу ырларынан көрүнүп турат.

Согуш мезгилиндеги “Касташкан жоону жеңип кел”, “Согуш азабы,” “ Өч алабыз,” ырларында согуш учурундагы элдин тарткан кыйынчылыгы, ачарчылык, жетишпестик, руханий кордук, өксүк айтылып, ошол каатчыл учурдагы элдин согушка болгон жек көрүүсүн күчөтүп, элдин тынчтыгын бузуп, жан дүйнөсүн кордогон, турмушун азапка салган душманга айыгышкан жаткан уруш ачып, келишпестик менен өч алууга үндөйт, мекенчилдик сезимин ойготуп, кайраттуулукка, туруктуулукка, чыдамкайлыкка чакырат. Мындай мотив башка акындарды учураган тема болгону менен Бала ырчы өзгөчө кайрык менен шерденткен. Өзү сол бутунан аксаган майып болгондуктан согушка бара албайт, ошол өксүгүн кошуп, “арстандай айбат салгыла, үйү күйгөн фашисттин, башына шорду салгыла” деген саптар менен кайрат берген, жеңиш менен кайтып, жаркыраган жашоодо өмүр сүрөлү деп дем берген.

“Учурашуу” деген ырында айылындагы согуштан сол буту алдырып, медаль тагынып келген Абдувап деген киши менен мынтип учурашат:

Душманга казат баштапсың,
Дүрмөттөп мынтык аштапсың.
Бул медалга алмашып,
Бир бутуңду таштапсың [1] – деп бир жагы сыймыктанып, бир жагы тамашага айлантып, көптүн көөнүн көтөрүп, оорду жеңилдетип эл ичиндеги ауранын оңдоп ырдаганы алигече эл оозунда айтылып келет.

“Жеңиш кабары” ыры жар чакырып, куттук айткан жеңишти даңазалап, эр жигиттин салмагы, мекендин ыйыктыгы, элге болгон ызат-урматтын күчтүүлүгү менен азаматтар жеңишке жеткенин, совет элинин келечеги кенен эл экени даңаза болот. Ыр менен гана чектелбей “Садыбакас саакы” деген лирикалык-поэманы эп келиштире айтып, жаштарга таалим берүү жагын мыкты колдогон инсан делет.

Согуштан кийинки жай турмушта дагы эл ичиндеги жакшылыктарды койбой айтып, азыркы тил менен айтканда ошол замандын блогери болгону унутулбайт.

Жыйынтыктап айтканда, эки доорду көргөн, эрте жетим калып, өз киндигин өзү кескен, дээриндеги таланты оргуштап, дем берери жок болсо да демөөрчүсү өзү табылып кудай жар болгон Бала ырчы көргөнүн койбой ырдаган, ырында мазмун-сыр жаткан демократ, жаңычылдык даражага жеткен улуу өнөрпоз экенин жашырууга болбойт. Учурунда маани берилбей, жазып, же жаздырып алган адам болбой, азыр колдо болгон гана чыгармалары менен чектелип келебиз. Өз доорунун улуу таланттуу акыны экендигин айтып, замандаштары кийинки ырларынан үзүндү аткарып, кулк мүнөзү, жашоосу тууралуу узун сабак кеп куруп келет.

Акындын алты уулу, бир кызы бар. Алардын үчөөнүн көзү өттү. Улуу баласы Акбаралы мугалим, мектеп директору, институтта окутуучу, филология илимдеринин кандидаты, өтө аз жашаптыр. Кийинки уулу Батыралы философия илимдеринин доктору, учурунда райондук аткаруу комитетинин төрагасы, губернатор, Кыргызстандын Өзбекстандагы элчиси, ректор болуп эмгектенген. Кийинки уулдары – биздин замандаш, баары жогорку билимдүү, агартуу тармагында эмгектенип келишет. Небереси Данияр Сыдыков (Батыралынын уулу) элчи, КРдин тышкы саясат бөлүмүн жетектеген адис болгон.

Сыдык Алайчиевдин чыгармачылык жолунун калыптануусу, анын чыгармаларыныын идеялык-тематикалык өзгөчөлүгү, башкача айтканда, акындын чыгармачылык өздүгү, агартуучулук ишмердүүлүгү боюнча илимий багытта иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн келечек муун үчүн тарбиялык мааниси чоң болот деген ойдобуз.

Адабияттар

1. “Залкар акындар” сериясы. Түзүүчүлөр: Н. Нарынбаева, Г. Орозова. 8-том. Б.: “Принт-экспресс” 2016.
2. Ж. Таштемиров “Алайчиев С. Бала ырчынын ырлары” Ф.: 1981.
3. С. Кайыпов “Эл ырчылары” Ф.: 1981.
4. Кыргыз адабиятынын тарыхы 7-томдук. Б.: 2002.
5. Классикалык изилдөөлөр. Адабият таануу. - Бишкек : "Принт Экспресс", 2017
6. А.Муратов. https://ruhesh.kg/ky/dasmiya/1444-muratov-abdikerim/abdikerim-muratov-botobay-irchi (кайрылуу 14.10.2024)
7. https://muras.turmush.kg/unews/un_post:2543(кайрылуу 14.10.2024)

---

УДК 821.111(73)-31:81'373.612.2 https://doi.org/10.56122/..v1i2.170

## О. ГЕНРИНИН АҢГЕМЕЛЕРИНДЕ ЭВФЕМИЗМДЕРДИН КОЛДОНУЛУШУ

*Акылбекова Гулнара Шадымановна*
*Ош мамлекеттик-педагогикалык университети,*
*магистр, изденүүчү,*
*Кыргыз Республикасы*
*Ош шаары, Н.Исанов көчөсү, 73*
*эл.куржун: gulnara.shadymanovna@internet.ru*

## ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ЭВФЕМИЗМОВ В РАССКАЗАХ О. ГЕНРИ

*Акылбекова Гулнара Шадымановна,*
*Ошский государственный-педагогический университет,*
*магистр, соискатель,*
*Кыргызская Республика*
*город Ош , ул. Н.Исанова , 73*
*эл.почта: gulnara.shadymanovna@internet.ru*

## THE USAGE OF EUPHEMISMS IN O. HENRY'S STORIES

*Akylbekova Gulnara Shadymanovna*
*Osh state pedagogical university,*
*Degree of master, candidate for a degree*
*Republic of Kyrgyzstan*
*Osh, st. N.Isanova, 73*
*e-mal: gulnara.shadymanovna@internet.ru*

**Аннотация**

Эвфемизмдер-катаал чындыктарды жана сезимтал темаларды жумшартуу үчүн колдонулган лексикалык каражаттар, адабиятта, айрыкча О.Генринин чыгармаларында чоң роль ойнойт. О. Генри эвфемизмдерди колдонуп, жакырчылык, өлүм жана социалдык адилетсиздик сыяктуу татаал темаларды өз аудиториясын алыстатпай колдонот. Бул макалада О. Генринин окуяларында эвфемизмдердин колдонулушу изилденип, алар каармандардын өнүгүшүнө жана тематиканын тереңдигине кандайча салым кошоорун көрсөтөт. Тандалган баяндарды талдоо аркылуу изилдөө эвфемизмдердин баянды байытуудагы көп тараптуу ролун ачып берет, ошол эле учурда кызыктуу жана жеңил тонду сактайт. О. Генринин чыгармаларын тексттик талдоого багытталган сапаттуу изилдөө ыкмасы колдонулат. Талдоо окуялардын